
**2019-2020-окуу жылында методикалык иштин анализи**

**2019-2020-окуу жылында методикалык иштин максаты болуп төмөнкүлөр эсептелди.**

- Педагогикалык коллективдин  кесиптик чеберчилигин ар тараптуу жогорулатуу;
- Жаңы стандартка ылайык окуучулардын билим алуусун көзөмөлдөп, анализ чыгаруу;
- Оптималдуу деңгээлде билим берүү жана тарбиялоо процессин жакшыртуу;
- Райондук жана шаардык деңгээлде өткөрүлгөн кароо-сынактарга окуучуларды жана мугалимдерди катыштыруу жана жыйынтык берүү.

2019-2020-окуу жылында педагогикалык коллектив бирдиктүү "Сапаттуу билим берүүдө ар кандай деңгээлдеги окуучуларга диференцирленген мамиле кылуу менен билим сапатын жогорулатуу" деген теманын үстүндө иш алып барууну улантууда. Азыркы учурда практикалык этабында тактап айтканда, мугалимдердин деңгээлдештирип окутуу боюнча билим сапатынын мониторингин чыгаруу, окуучулардын чыгармачылык иштерин уюштуруу жана жайылтуунун үстүндө иштешүүдө. Теманын негизинде ар бир мугалим тема тандап, ага карата план түзүп, бир жыл бою иш алып барып келишти.

**Методикалык иштин түзүлүшү**




Сканировано с CamScanner

**2019-2020-окуу жылындагы негизги методикалык иштин калыптанышынын багыты жана мазмуну**


- Кыргыз Республикасынын мыйзамы;
- Нормативдик укуктук документтер, билим берүүнүн максаты жана милдеттери, методикалык иштин системасы;
- Мектепти өнүктүрүү программасы;
- Мамлекеттик стандарттар, окуу планы жана программасы;
- Жаңы педагогикалык изилдөөлөр, инновациялык жаралуулар;
- Методикалык иш тажрыйбаларды маалымат булактарына жайылтуу.

**2019-2020-окуу жылындагы методикалык иштин негизги формасы**

- Педагогикалык кызматкерлердин сандык-сапаттык курамы
- Жаш мугалимдер мектеби
- Өз билимин өркүндөтүү
- Мектептин педагогикалык чеберчилиги
- Методикалык кеңешме
- Усулдук жумалык
- Көргөзмөлөр;
- Тегерек столдор;
- Ачык сабактар;
- Илимий-практикалык конференциялар;
- Жөндөмдүү окуучулар менен иштөө
- Мониторинг
- Алдыңкы иш тажрыйбаны жайылтуу

**Пед кызматкерлердин сандык-сапаттык курамы**

2019-2020-окуу жылында 87 педагогикалык кызматкер эмгектенди.




Бул ичинен жогорку категориядагы-14, I категорияда-11, II категорияда 15, категориясы жок-47 мугалим.
Жогорку билимдүү – 68, атайын орто -18, орто билимдүү -1.

Сканировано с CamScanner

## Жаш мугалимдер мектеби

Мектепте педагогикалык коллектив жылда жаңы мугалимдер менен толукталып турат. Быйылкы окуу жылында 25 мугалим келди. Анын ичинен көпчүлүгү жаш мугалимдер. Тактап айтканда 15 мугалим окуу жайды бүтүп келип, эмгек жолун ушул мектептен башташты. Мектепте жалпы 22 жаш мугалим эмгектенди.

| Биринчи жыл иштегендер | Экинчи жыл иштегендер | Үчүнчү жыл иштегендер |
|---|---|---|
| 14 | 6 | 2 |

Окуу жылынын башында жаш мугалимдерге насаатчы мугалимдер бекитилген. Алар жаш мугалимдер менен иштөөнүн жылдык планын түзүшүп, түзүлгөн пландын негизинде бир жыл бою иш алып барышты. Жаш мугалимдердин жазган план конспектилери текшерилип, методист , башталгыч класстар боюнча директордун орун басары, башталгыч класстардын УБ жетекчиси тарабынан бир ай бою (сентябрь айында) жардам берилип турду. Биринчи жарым жылдыкта жаш мугалимдер менен сабактын тиби, формасы, үй тапшырманын көлөмү, сабактын структурасы, окутуунун технологиялары, сабактын анализи, өзүнө-өзү анализ берүү, нормативдик-укуктук документтер менен иш алып баруу боюнча окуулар өтүлүп турду. Насаатчы мугалимдер канчалык жардам берип, иш алып барып жатышса да, биринчи жарым жылдыкта айрым жаш мугалимдер окуучунун билими объективдүү баалабай, чейректик бааларды туура эмес чыгарышкан. Нормативдик-укуктук документтин бири болгон журнал менен иштөөдө одоно каталарды кетиришкен. Ошондой эле насаатчы мугалимдер жыл аягында түзүлгөн пландын негизинде отчёт жазышып, жыйынтык чыгарышты. Эмгек стажы 3 жыл толуп, 4 жылга кеткендиктен жаш мугалдимдер Жакыпбекова Мунара, Кадыркул кызы Мээрим бир топ тажрыйба топтошуп, насаатчы мугалимдин жардамына муктаж болбой, өз иштерин мыкты алып кетип, жаш мугалимдин катарынан чыгарылды. Калган 20 мугалим насаатчы мугалимдер менен иш алып барууну улантышууда.

## Өз билимин өркүндөтүү

Методикалык иштин бирден-бир багыты болуп мугалимдердин квалификациясын эффективдүү жогорулатуу болуп саналат. 2019-2020-окуу жылында мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү боюнча Кыргыз Республикасыныны Билим Берүү жана илим министирлигинин алдынагы педагогикалык кызматкерлерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунан 11 мугалим (Исраилова Н.К, Салимиова А. Ы,

Сканировано с CamScanner

Айдарова Ж.Ө. Убайдыллаева Н.А, Достиева Ж.А, Жумабекова Ж.С, Табылдиева А.Н, Тагайбек к.Ф, Турунтаева К.А, Турсунова Д.Т. Сабырова Б.Э.) , 5-6-класстарында чыккан жаңы англис тили окуу китептери менен таанышуу жана мугалимдер арасында тажрыйба алмашуу иретинде "Лингва" окуу борборунан 2 мугалим, жалпы 13 мугалим өз билимин өркүндөтүп, курстан өтүп келишти. Бул мугалимдер окуп келгендерин башка мугалимдерге жайылтуу максатында декадаларда ачык сабактарды өтүштү.

## Мектептин педагогикалык чеберчилиги

Райондук жана шаардык деңгээлде жыл сайын мугалимдер арасында кароо-сынактар өткөрүлүп турат. Ошондой кароо-сынактын бири "Жүрөгүмдү балдарга арнаймын". Эң алгач мектеп ичинде өткөрүп, ага ар бир усулдук бирикмеден бирден мугалим катышып, өзүнүн чыгармачылык деңгээлин көрсөтү алышты. 7 мугалимдин ичинен табигый усулдук бирикмесинен чыккан физика мугалими Салимова А.Ы. өзүнүн ишинин мыкты билгендиги, изденүүсү менен башкалардан айрымаланып, эң жогорку балл топтоо менен алдыга озуп чыгып, райондук деңгээлде өткөрүлгөн сынакка жолдомо алды. Апрель айында өткөрүлө турган "Жүрөгүмдү балдарга арнаймын" кароо сынагында "Мыкты мугалим" номинациясы боюнча ат салышмак, бирок COVID 19 катуу жайылгандыктан карантин жарыяланып, кароо сынак кийинки окуу жылына жылдырылды. Айнура Ыманкуловна өзү жаш болсо да, өз предметин мыкты билген, өз ишине жоопкерчилик менен мамиле кылган, дайыма изденүүнүн үстүндө жүрүп, ар бир сабагын кызыгуу менен өткөн мугалим десем жаңылышпайм. Кийинки окуу жылында кароо-сынакка катышып, мектептин намысын коргойт деген ишенимдебиз

## Методикалык кеңешме

2019-2020-окуу жылында мектепте курамы 14 адамдан турган усулдук кеңеш иштеди. Усулдук кеңеште жалпы 5 кеңешме өткөрүлгөн, анда окутуп-тарбиялоодо жаралган көйгөйлөр аныкталып, кеңешмеде каралган. Тактап айтканда төмөнкүдөй темалар талкууланган:

### 1-кеңешме

1. Усулдук кеңештин жаңы курамын усулдук кеңештин жобосу менен тааныштыруу
2. 5-класстарда улантмалуулукка карата көзөмөлдөө тобун түзүү
3. Жаш мугалимдерге насаатчы мугалимдерди бекитүү

Сканировано с CamScanner

4. Китепкананын окуу китептери жана усулдук адабияттар менен камсыз болушу

**2-кеңешме**

1. Сабак өтүүдө кыйналган мугалимдердин муктаждыгын аныктоо жана аларга жардам көрсөтүүнү уюштуруу
2. Мектеп окуучуларынын предметтик олимпиадаларын уюштуруу жана райондук айлампага даярдоо
3. Октябрь айында билим сапатын аныктоо үчүн алынган жазуу иштеринин жыйынтыгын талдоо
4. План программынын аткарылышын көзөмөлдөө ( 1-чейрек боюнча)

**3-кеңешме**

1. I жарым жылдыкта жазуу иштеринин норматив боюнча алынышын көзөмөлдөөнүн жыйынтыгы
2. Билим берүүнүн сапатын жогорулатууда окуучунун ийгиликтүү билим алуусу үчүн мугалимдин жүргүзгөн иш аракеттери
3. Окуу кабинеттеринин дидактикалык материалдар менен камсыз болушу

**4-кеңешме**

1. Жазуу дептерлеринин текшерилишин көзөмөлдөөнүн жыйынтыгы
2. Окутуу процессинде техникалык каражаттарды колдонууну жайылтуу
3. Билим сапаты кескин түшүп кеткен предметтердин предметтик мугалимдердин иштерине талдоо жүргүзүү

**5-кеңешме**

1. Усулдук кеңештин 2019-2020-окуу жылындагы аткарган бир жылдык ишин жыйынтыктоо
2. Усулдук кеңештин жаңы окуу жылына карата иш планын түзүү

Мындан тышкары 2-11-класстар боюнча чейрек сайын билим сапатынын мониторинги чыгарылып, билим сапаты төмөн көрсөткүчтү көрсөткөн класстар боюнча билим сапаты ички көзөмөлгө коюлуп, жыйынтык чыгарылып турду. Предметтердеги жазуу иштеринин норматив боюнча алынышы боюнча текшерүү жүрүп, маалымдама жазылып турду. Андан тышкаркы жазуу дептеринин уюштурулушу, мугалим тарабынан талапка ылайык текшерилиши көзөмөлдөнүп турду.

## Көргөзмөлөр

Окуучулардын чыгармачылыгын арттыруу иретинде даталуу күндөрү көргөзмөлөр уюштурулуп турду.

Сентябрь айында башталгыч класстарда жолдо жүрүү эрежеси боюнча бир айлык жарыяланган. Анда "Сенин сактыгың, менин коопсуздугум" деген

Сканировано с CamScanner

темада сүрөт көргөзмөсү болду. Мында 1-4-класстын окуучулары жолдо жүрүү эрежелери, боюнча сүрөт тартышкан.

9-сентябрь – Комуз күнүнө карата "Комуз-кыргыздын улуттук аспабы" деген аталышта көргөзмө уюштурулган. Көргөзмөдө комуздун жасалышы, пайда болушу, алгачкы комузчулар жана комуз кыргыздын жашоосундагы маалыматтар чагылдырылып берилди.

23-сентябь – Мамлекеттик тил мыйзамынын макамына ээ болушуна 30 жыл толгондугуна байланыштуу 3 айлык жарыяланды. Ага карата "Тилиңди сүй оку, үйрөн жаш чакта, тилиң барда намысыңды бек сакта!" деген аталышта көргөзмө илинди. Анда 1-5-класстардын окуучулары тарабынан тартылган сүрөттөр, 6-11-класстын окуучулары тарабынан даярдалган дубал газеталар, мектептин жаш таланттары эне тилибизге арнап чыгарган ырлары илинди.

7- ноябрь коомдук ишмер Турдакун Усубалиевдин 100 жылдыгына карата "Турдакун Усубалиев 100 жашта" деген аталышта көргөзмө илинди. Көргөзмөдө коомдук ишмердин шаарга кошкон салымы, үй бүлөсү жана ошондой эле улуу инсандар менен түшкөн сүрөттөрү илинди.

9-ноябрь сүрөтчү,актёр Сүймөнкүл Чокморовдун туулган күнүнө жана 90 жылдыгына карата "Кыргыз жүзү - Чокморовдун жүзүндөй" деген аталышта көргөзмө илинди. Көргөзмөдө сүрөтчүнүн үй бүлөсү, жасаган эмгектери жана тарткан сүрөттөрү боюнча маалыматтар көрсөтүлдү.

Илим жана техника жумалыгына карата физика мугалими Ишенова С.Ы. колдонуудан чыгып калган нерселерге экинчи жашоо берип көргөзмө уюштурган.

## Тегерек столдор

Окуучулардын таанып-билүү жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында тегерек столдор да уюштурулуп турат.

Октябрь айында кыргыз тилинин 30 жылдыгына карата "Кыргыз тили бүгүн жана эртең" деген аталышта 10-11-класстар менен тегерек стол өткөрүлдү. Мында кыргыз тилибизди даңазалаган ырлар, улуу адамдардын учкул сөздөрү жана тилибиздин бүгүнкү жана эртеңки абалы жөнүндө көз караштар айтылып, талкууланды.

"Илим жана техника" жумалыгына карата 7-класстар менен "Нанотехнологиялардын адам жашоосуна тийгизген пайдасы" деген

Сканировано с CamScanner

аталышта тегерек стол өткөрүлдү. Мында окуучулар жаңы технологиялардын бүгүнкү күндөгү орду адамдын жашоосуна алып келген пайдасы, ошондой эле терс жактары боюнча ойлорун ортого салышып, талкуулашты.

Тарых мугалими Казакова Н.О. "Коррупцияга жол жок!" деген аталышта 8-класстар менен биргеликте тегерек стол өткөрдү. Анда коррупциянын келип чыгуу себептери, аны кантип токтотсок болот деген сыяктуу ой-пикирлер талкууланды.

## Ачык сабактар

2019-2020-окуу жылында мектепте 8 усулдук бирикме иштеди. Бирикме жетекчилери окуу жылынын башында план түзүшүп, бир жыл бою түзүлгөн пландын үстүндө иш алып барышты.

Мектептин бирикмелери: (ишмердүүлүктүн багыттары)

1. Кыргыз тили жана адабияты сабагында ар кандай деңгээлдеги окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуу менен билим сапатын жогорулатуу
2. Используя дифференцированный подход, развивать учащихся устную и писменную речь, развивать логическое мышление, творческие способности учащихся. Научить умению использовать полученные знания на практике.
3. Англис тилин окутуунун активдүү методдорун колдонуп, окуучулардын оозеки, жазуу жана ой жүгүртүүсүн өстүрүү менен бирге сапаттуу билим алууга багыт берүү.
4. Математика сабагынан сапаттуу билим берүүдө ар кандай деңгээлдеги окуучуларга жаңы технологияларды чыгармачылык менен колдонуу аркылуу дифференцирленген мамиле кылуу.
5. Окуучуларга сапатуу билим берүү, алардын логикалык ой жүгүртүүсүн, акыл-эсин өстүрүп, өз алдынча иштөөгө машыктыруу жана окуучулардын чыгармачылык менен изденүүсүн билим алууда, турмушта колдонуусуна багыт берүү
6. Окуучуларды окутуп-тарбиялоодо аларды ар тараптан өстүрүү, чыгармачылык менен изденүү, билим алууда жана турмушта колдоно билүүгө багыт берүү.

Окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуу менен алардын кат сабатын жоюу, окуу жөндөмдүүлүктөрүн жогорулатуу. Ошону менен бирге сабакка болгон кызыгууларын арттыруу, активдүүлүгүн, компетентүүлүгүн,

Сканировано с CamScanner

логикалык ой жүгүртүүлөрүн өстүрүп, өз алдынча иштөөгө машыктыруу. Ошондой эле ай сайын усулдук бирикмелердин декадалары өткөрүлөп турду. Декада өткөрүүнүн негизги максаты предметтик мугалимдердин иш билгилерин, окуучу канчалык деңгээлде предметке кызыгарын аныктоо.

| № | УБнын аталышы | Жетекчиси | Муг. саны | Декаданын мөөнөтү | Өт. сабакт саны | Декаданын жабылышы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Табигый илимдер УБ | Наркозиева А.Т. | 9 | 07-17.10.19 | 9 | "Билим жашоо чырагы" |
| 2 | Кыргыз тил, адаб УБ | Курманбекова А.Ж. | 8 | 18-28.11.18 | 7 | "Кыргыздын сыймыктары-Саякбай жана Чыңгыз" |
| 3 | Башт. кл. "Балалык" | Сариева Ж.Т. | 28 | 02-20.12.18 | 26 | "Билим-жанып турган шам чырак" |
| 4 | Так илимдер УБ | Апсалиева Б.Т | 11 | 20-31.01.19 | 11 | "МИФ-биздин жашоо" |
| 5 | Чет тил УБ | Жолдошбек к. Г. | 20 | 10-02.02.20 | 18 | "Англис тили – эл аралык баарлашуунун тили" |
| 6 | Орус тил, адаб УБ | Алидинова Ж.Ч. | 12 | 02-12.03.19 | 12 | "" |
| 7 | "Маданият" УБ | Сагынбекова А.Ж. | 12 | 06-16.04.19 | 8 | "Сүйүктүү борборум-Бишкегим. |

Жогорудагы декадалардын жүрүшүндө мугалимдердин чыгармачылыгын, жекече изденүүлөрүн көрө алдык жана сабак өтүүдө кыйналган мугалимдердин (Токсонбаева Э.Р. Эрнисова А.Э, Рустам к. А, Болотбек к. Ж. Асанова Р.Кадыркул к. М. Караталова А. Жакыпбекова М.Ж, Ниязова М.Т. муктаждыктары аныкталып, аларга тиешелүү методикалык жардамдар да көрсөтүлдү. Декаданын жабылышы окуучулар тарабынан даярдалып, окуучулар дагы жоопкерчилик менен мамиле кылып, декаданын жүрүшүндө жарыяланган конкурстарга активдүү катышышты. Бардык декаданын жүрүшү "канааттандыраарлык" деп табылды.

## Илимий-практикалык конференциялар

Жаңы түптөлүп келе жаткан билим берүү мекемеси болгондуктан шаардык илимий –практикалык конференцияларга катышуу оорчулукту жаратып келген. Айрым окуучулар өз алдынча предметтик мугалимдердин жетекчилиги менен эл аралык конференцияларга катышып келишкен. Былтыркы окуу жылында окуучулардын проект боюнча иштөөлөрү колго алынып, Кыргыз Билим берүү академиясынын окутуучусу Элебесова А.

Сканировано с CamScanner

проект боюнча иштөөгө кызыгуусу бар окуучуларга жана предметтик мугалимдерге семинар өткөрүп келди. 2019-2020- окуу жылында Бишкек шаарынын алдындагы билим берүү башкармалыгы жана Республикалык жаш инженердик-техникалык "Алтын түйүн" академиясы менен биргеликте уюштурулган шаардык изилдөө долбооруна 3 окуучу катышса, быйылкы окуу жылында 7 окуучу катыша алды. Бул долбоордун негизги максаты билим сапатын көтөрүү жана окуучулардын долбоордук, изилдөөчүлүк, илимий-техникалык ойлоп табуучулук жөндөмүн өнүктүрүү, андан тышкары өлкөдөгү социалдык, экономикалык көйгөйлөрдү чечүүгө багыт берүү.

1. 10-а классынын окуучусу Жыргалбеков Т. "Талкаланып тонолуп жаткан үлкөн кыргыз тарыхы (Изи өчүп бара жаткан ата-бабам баскан жол) " жетектеген мугалими Казакова Н.О.
2. 10-а классынын окуучусу Кошбаев Назар "Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилиндеги англис тилинин ролу" жетектеген англис тили жана мугалими Жумабекова Ж.С.
3. 8-д классынын окуучусу Талант уулу Нур "Калпак кыргыз погону" жетектеген физика мугалими Салимова А.Ы.
4. 9-е классынын окуучусу Талантбек кызы Элзина "Детство, опаленное войной" жетектеген мугалим –Тентиева А.К.
5. 6-а классынын окуучусу Ибраимова Канышай Шамуратовна "История одного слова – «Победа» жетектеген мугалим –Тентиева А.К.
6. 11-а классынын окуучусу Маматов Бактыбек "Первый бросок победы" жетектеген мугалим- Наркозиева А.Т.
7. 9-б классынын окуучулары Өмүрбекова С. Кубанычбекова Бегимиай "Согуш мезгили кыргыз адабий чыгармаларында" жетектеген мугалим –Сагынбаева Г.М.

Эпидемиялык кырдаалга байланыштуу жыйынтыгы чыгарылбай, кийинки окуу жылына калтырылды.

21-февраль – Эл аралык эне тил күнүнө карата Бишкек шаардык билим берүү башкармалыгы тарабыныан уюштурулган "Тил-достуктун ачкычы" деген алышта изилдөө долбоорунун кароо-сынагы уюштурулган. Изилдөө долбооруна "Корей элинин тили жана маданияты" деген тема менен 10-а классынын окуучусу Мадирайимова А.Ж. 10-б классыны окуучусу Аскар кызы Медина катышып келишти.

"Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндөгү" Мыйзамын ишке ашыруу, мамлекеттик тилдин статусун көтөрүү, Кыргыз Республикасында

Сканировано с CamScanner

жашаган улуттардын ынтымагын арттыруу жана ар улуттун эне тилин даңазалоо, ар улуттун тарыхы, адабияты, маданиятынын улуулугун чагылдыруу, элдин үрп-адат, каада-салттары аркылуу ыймандуулукка, патриоттуулукка, улуттардын биримдүүлүгүнө чакыруу, изилдөө иштерине кызыккан, жөндөмдүү, чыгармачыл окуучуларды табуу долбоордун негизи максаты болуп саналат.

Педагогикалык тажрыйбаны өнүктүрүү жана жайылтуунун эффективдүү формасы болуп, мугалимдер арасында өткөрүлгөн илимий-практикалык конференциялар, көргөзмөлөр, тегерек столдор, масстер-класстар жана ошондой эле семинарлар эсептелинет.

2019-2020-окуу жылынын январь айында география предметинин шаардык семинары болуп өттү. Семинардын темасы “География сабагын окутууда практикалык иштерди уюштуруунун жолдору”. Семинарга шаардын мектептеринен жалпы 14 жаш мугалим катышты. Анда практикалык сабактарды уюштуруунун жолдору, Кахут жана Пликерс программалары менен кантип иш алып баруу керектиги көрсөтүлдү. Семинардын катышуучулары тарабынан шаардык семинардын жүрүшү “эң жакшы” деп бааланды.

Өлкөдөгү эпидемиологиялык кырдаалга байланыштуу окутуу дистанттык түрдө өткөрүлдү. Анда Бишкек шаарындагы мектептерден мугалимдер тандалып алынып, алар видео сабактарды даярдап, тартылышкан.Биздин мектептен да тарых мугалими Казакова Н.О. жана башталгыч класстардын мугалими Сариева Ж.Т. тартылышты, ал эми информатика мугалими Саданалиева М.С. сабактардын жүгүртмөсүн түзүүгө катышкан. Бул биздин мектеп үчү эң чоң жетишкендиктердин бири.

Короновирус инфекциясынын жайылышына байланыштуу апрель, март айларында окутуу дистанттык түрдө өткөрүлдү. Анда телеберүүдөн календардык пландын негизинде видео сабактар тартылып, предметтик мугалимдер өтүлгөн сабактын негизинде ватсап, зуум, классрум ж.б платформалар аркылуу,презентацияларды даярдашып көрсөтмөлүү сабак өтүү менен кайтарым байланыштарды жүргүзүшүп, теманы толук өздөштүрүүгө аракет кылышты. Көптөгөн кыйынчылыктар жаралуу менен аралыктан окутуу талаптагыдай жүргүзүлдү. Кандай гана ишти жыйынтыктаганда анын оң жана терс жактары көз алдыңа тартылат экен.

Сканировано с CamScanner

**Аралыктан окутуунун оң жактары:**

1. Кыска аралыктын ичинде мугалимдер жана окуучулар заманбап техниканын тийиштүү жактарын терең өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк алышты.
2. Мугалимдер изденүүнү натыйжасында билим берүүнүн интернет программаларын өздөштүрүштү.
3. Кайтарым байланышка чыгуунун көп жолдорун чыгармачылык менен изилдеп чыгышып, аны ар кандай формада уюштурушту.
4. Жат жазуу, дилбаян, текшерүү иштердин аудио, видео сыяктуу көптөгөн түрлөрүн иштеп чыгышты.
5. Мугалимдердин арасында өз ара атаандашуу пайда болуу менен ар кандай программаларды колдонуу менен эң жакшы сабактарды даярдап жатышты.
6. Ата-эне балдарынын билим деңгээлин жакындан билип, билим берүү оңой иш эмес экенин түшүнүштү.
7. Сабакта пассивдүү катышкан окуучулар аралыктан окутууда өздөрүнү активдүүлүгүн көрсөтө алышты.

**Аралыктан окутуунун терс жактары:**

1. Мугалимдин изденүү менен сабакка даярдануусуна адаттагыдан көп убакыт талап кылынды.
2. Окуучулардын кээ бирлери оңой жол менен жакшы баа алууга мүмкүнчүлүк түзүлдү.
3. Мугалимдердин ден соолугуна (өзгөчө көрүү органдарына) абдан күч келди.
4. Айрым үй бүлөлөрдө ата-эне менен баланын ортосунда конфликт пайда болду.
5. Айрым үй бүлөлөрдө техника каражаттарынын же интернет булактарынын жетишсиздигинен окуучулар кайтарым байланышка чыгуу мүмүнчүлүгү болбой жатты (бир класстан бирден , экиден окуучулар гана).
6. Сабакты жакшы өздөштүргөн окуучулардын көпчүлүгү кош көңүл гана мамиле кылышты.

Сканировано с CamScanner

**Былтыркы окуу жылы менен быйылкы окуу жылындагы методикалык иштерде бир топ айрымачылыктар болду**

- Мектеп "Жүрөгүмдү балдарга арнаймын" аттуу кароо-сынакка катышып, "Мыкты жалпы билим берүү мектеби-2019" номинациясында 2-орунду алды.
- Быйылкы жылы окуучулардын бир нече илимий-изилдөө долбоорлоруна катышуусу;
- Эпидемиологиялык кырдаалга байланыштуу "Жүрөгүмдү балдарга арнаймын" аттуу кароо-сынагыны 1-этабынын жылдырылышы;
- Илимий-изидөө долбоорунун жыйынтыгы кийинки окуу жылында чыгарылышы.

**Аткарылган иштерди талдоонун негизинде 2019-2020-окуу жылына карата төмндөгүдөй милдеттер кабыл алынды:**

- Мектептин тандап алган окуу-тарбиялык темасынын практикалык жактан ачылышынын жыйынтыгын көрүү максатында билим сапатынынын мониторингин чыгаруу;
- Жаш мугалимдердин өздөрүнүн иштерине жоопкерчиликтүү мамиле кылуусу, насаатчы мугалимдер менен бирдикте иш алып баруусун күчөтүү;
- Педагогикалык чеберчиликти жогорулатуу максатында мугалимдер арасында өтүлүүчү ар кандай кароо-сынактарга катышуу;
- Ай сайын өтүлүүчү предметтик декадаларда мугалимдердин жоопкерчилик менен мамиле кылуусу;
- Билим сапатын жогорулатууда предметтик мугалимдердин жоопкерчилигин күчөтүү;
- Сабактан тышкаркы убакта предметтик мугалимдер окуучулар менен бирдикте илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү, райондук, шаардык деңгээлдеги изилдөө долбоорлоруна катышуу, жыйынтыгын көрүү
- Райондук жана шаардык семинарларга катышып, мектеп ичинде үйрөнгөндөрүн жайылтуу;
- Билим берүүдө инновациялык өнүгүүлөрдү камсыз кылуу менен окуп, үйрөнгөндөрүнүн натыйжалуулугун арттыруу;
- Мугалимдер арасында өз ара окутуунун ишке ашыруу, методикалык иштер аркылуу тажрыйба алмашуу;

**Усулдук иштер боюнча директордун орун басары:** **Сүйналиева М.М**

Сканировано с CamScanner